УДК 801.314 (575.2) (04)

Даба Э.
К. Карасаев атындагы БГУнун
изденүүчүсү

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ДҮЙНӨ СҮРӨТҮНДӨ «МЕЙМАН» ЖАНА «КОНОК» КОНЦЕПТТЕРИНИН РЕПРЕЗЕНТАЦИЯЛАНЫШЫ

РЕПРЕЗЕНТАЦИЯ КОНЦЕПТОВ «МЕЙМАН» И «КОНОК» В КЫРГЫЗСКОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ КАРТИНЕ МИРА

REPRESENTATION OF «MEYMAN» AND «KONOK» CONCEPTS IN THE KYRGYZ NATIONAL PICTURE OF THE WORLD

Аннотация. *Бул макалада кыргыз эли үчүн актуалдуу болуп саналган, ошондой эле этномаданий спецификага ээ болгон «мейман» жана «конок» концепттеринин когнитивдик белгилери талдоого алынат.*

Түйүндүү сөздөр: *концепт, когнитивдик белги, репрезентация, маанилик түзүлүш.*

Аннотация. *В данной статье рассматриваются когнитивные признаки концептов «мейман» и «конок», которые являются актуальными для кыргызского народа и имеют этнокультурную специфику.*

Ключевые слова: *концепт, когнитивный признак, репрезентация, структура значения.*

Annotation. *This article examines the cognitive features of the concepts "Meiman" and "Konok", which are relevant for the Kyrgyz people and have an ethno-cultural specificity.*

Key words: *concept, cognitive sign, representation, structure of meaning.*

Бул макаланын максаты болуп кыргыз элинин дүйнөтаанымында өзгөчө мааниге ээ болгон жана улуттук дүйнө сүрөтүндө орун алган «мейман» жана «конок» концепттеринин когнитивдик белгилеринин кыргыз тилинде вербалдашып колдонулуу өзгөчөлүктөрүн анализге алуу болуп саналат.

Макалада «мейман» жана «конок» концепттеринин аталыштары болуп эсептелген лексемалардын колдонулуш өзгөчөлүктөрүн анализге алуудан мурда «концепт» терминине токтоло кетүү максатка ылайык.

Азыркы кыргыз тил илиминде «концепт» термини изилдөөлөрдөгү коюлган максаттарга ылайык ар башкача мааниде колдонулуп келет. Биздин оюбузча, төмөнкү аныктама биздин изилдөө принциптерибизге шайкеш келүү менен бул терминди тагыраак түшүндүрөт: «концепт» - бул ойлонулуучу коддун базалык бирдиги катары адамдын аң-сезиминде бар болгон, структурасы салыштырмалуу түрдө системаланган, мазмуну ар дайым эле вербалдаша бербеген, жеке инсандын жана коомдун когнитивдик - таанып-билүү ишкердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп эсептелген, курчап турган барлыктын нерселери жана көрүнүштөрү тууралуу адамдын маданий шартталган элестөөлөрүн жана маалыматтардын көптүгүн алып жүргөн дискреттик менталдык бирдик» (1: 76).

Ал эми бул бирдиктин түзүлүшү тууралуу кеңири жана так маалыматты россиялык окумуштуулар З. Д. Попова жана И. А.Стерниндин эмгегинен таба алабыз. Бул окумуштуулардын пикири боюнча, концепт аймактык түзүлүшкө (полевая структура) ээ болуу менен курамында образды, белгилүү бир маалыматтык-түшүнүктүк ядрону жана кээ бир кошумча белгилерди

камтыйт жана концепттин түзүмүндө үч базалык түзүмдү -_структуралык компоненттерди (элементтерди) ажыратууга болот: образ, маалыматтык мазмун жана интерпретациялык аймак (2: 105, 106).

Концептти толугураак номинация кылуучу – атай турган объективдештирүүчү сөз – негизги «ачкыч» сөз катары каралат (2: 177).

Кыргыз тилинде «мейман» «конок» концепттеринин негизги сөздөрү катары ушул концепттерди атоочу лексемалар кызмат кылат.

Бул синоним катары колдонулуп, бирок өз ара айырмачылыктарга ээ болгон эки сөздүн ичинен «мейман» сөзүнүн колдонуу чөйрөсү абдан кеңири, айтмакчы болгон ойдун максатына карай ар түрдүү мааниде колдонулат. Муну менен катар бул сөз кыргыз элинин менталитетин көрсөтүүчү эң негизги сапаттарын чагылдырган сөздөрдүн топтомуна кирет. Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен дүйнөгө белгилүү десек жаңылышпайбыз.

К. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө [3:522] «мейман» сөзү иран тилинен келгени белгиленүү менен анын мааниси мисалдар аркылуу берилген: *ир. гость (ср. Конок 1 1); мейманда бол – быть в гостях; милдеттүү мейман то же, что милдеттүү конок.* Бирок, сөздүктө бул сөздүн өзүнүн кандай маанилерде колдонулары ажырымдалып берилген эмес. Ал эми 2015 – жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «мейман» сөзүнө бир гана аныктама берилген: *«Конок, сый көрүүчү адам»* [4: 206]. Көрүнүп тургандай, берилген аныктама бул сөздүн маанилик структурасын ачыктаганга эч кандай жардам бере албайт, кандай сый, ким тарабынан сый көрүүчү адам экендиги белгисиз. К.К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө [3: 400] «мейман» сөзүнөн пайда болгон сөздөр мисалдары менен берилген: *мейманда – принимать как гостя, угощать; ызат кылып меймандап, мен узатайын өзүңдү (фольк.) оказав тебе почет и угостив, я провожу тебя; меймандоо и.т.д. от мейманда – гостевание; бул меймандоонун арасында болгонсуң - на этом гостевании (угощении) был и ты; меймандос- ир. гостеприимный, хлебосольный, меймандостук - гостеприимство, хлебосольство; меймандосчул - то же ,что меймандос; мейманкана - ир. 1. Гостиная, комната для гостей; 2. редко гостиница, мейманчыл, то же что меймандос; мейманчыла – гостить, гостевать (бывать в гостях).* Бул жерден байкаганыбыздай, *мейман* сөзүнүн мазмунунун кыргыз элинин жашоо-шарты, көз карашы, дүйнөтаанымы, философиясына байланыштуу калыптанган этномаданий өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз катышы бар.

Ж. Мукамбаевдин диалектологиялык сөздүгүндө төмөнкүдөй аныктама берилет: *«Мейманчылык» – үйгө мейман келгенде ага карата коңшу-колоңдор ар кыл тамак алып келип, чогуу отуруп, аңгемелешип, сыйлашып убакыт өткөрүү жөрөлгөсү; мейманчылык кылып эт келет* [5: 636].

Концепттердин аталышы катары кызмат кылган «мейман» жана «конок» эки лексикалык бирдиктеринин кыргызстандык жана кытайлык кыргыздардын кебинде этномаданий өзгөчөлүктөр менен шартталган кээ бир маанилик боёкчолору бар экендиги кызыгууну жаратпай койбойт.

Кытайлык кыргыздардын кебинде жигердүү колдонулган «мейман» сөзүнүн кыргызстандык кыргыздардын бул сөздү колдонуусундагы берилген семантикадан кескин айырмаланган учурлары аз. Айырмачылыктар айрым маанилик боёкчолорго гана тиешелүү. Мисалы: *Илгери зоболоңдуу меймандай келген ободон эл жабыркачу эле.* Бул сүйлөмдө күтүүсүз келген мейманга мал союп, түркүн тамактарды жасап тосуп алуу даярдыгынын жоктугунан ызы-чууга түшүүнү *зоболоң* (ызы-чуу, балекети көп) сөзү менен билдирген, ал эми – *обо* сөзү жугуштуу ооруну билдирет. Бул жерде капылеттен келген оорунун күтүүсүз келген мейманды тосуп күтүп алуу сыяктуу ызы-чуулуу кыйын болору салыштырып баяндоо жолу аркылуу берилгенин көрө алабыз. *Аскар байке биздин кафенин дайым келип туруучу капчыктуу (чөнтөктүү) мейманы.* Бул сүйлөмдөгү *мейман* сөзүнүн *дайым келип тура турган бай (акчалуу) кардар* деген мааниде колдонулганын көрүүгө болот. *Кудалыкка келген кишилер көп болуп калып, меймандарды кошуналардын үйлөрүнө бөлүп жайгаштырдык.* Бул сүйлөм аркылуу кошуналардын ынтымак-ымаласын, тагыраак айтканда, келген меймандардын үйгө батпай калуу себебинен кошуналарга меймандардын бир бөлүгүн күтүү милдеттендирилип берилгенин түшүнүүгө болот. Кытайлык кыргыздарда - *бул дүйнөдө не жаман, күтүүсүз келген мейман жаман* – деген тамаша сөз бар, анын мааниси - мейман жаман дегендик эмес. Кыргыз эли кайсыл убакта болбосун, ким келбесин - кучак жайып тосуп ала турган меймандос эл, айтмакчы болгон ой - эч кандай даярдыксыз болуп турган убакта меймандын келүүсүнөн, келген адамдарга ар түрдүү тамак-аштарды толтура даярдап жакшы тосуп алууга мүмкүнчүлүк болбой, үй ээси ыңгайсыз абалда калуусуна карата айтылат. *Ал мейманды узатып жатып: Бат-бат меймандап келип, аңгемелешип чер жазышып турсаң, - деди.* Демек *мейман* сөзү алдын ала чакырылып, кандайдыр бир агыл-тегил дасторкон жайылып сый тамак бериле турган адамдарга гана карата колдонулбастан, жөн-жай гана барыш-келиш катнаштарга да колдонула тургандыгын көрүүгө болот. *Эртең кечинде үйгө келип мейман болуп кет!* Бул жерде сөздүн айтылуу басымына жараша мейман болуу милдеттүү түрдө жана мейман болууга өтүнүү түрүндө болуп эки түрдүү мааниде колдонулат, демек , *мейман* сөзү колдонгон орунуна жана сүйлөнгөн сөздүн басымына жараша ар түрдүү маани берет деген тыянак чыгара алабыз. *Анаргүл мейманчыл безаяк үйүнө токтобойт*. Бул жерде *мейман* сөзүнө -чыл мүчөсү кошулуп жасалып, *көп кыдыргыч*, *ар кимдин үйүнө баш сугуп жүрүү* маанисинде колдонулган. *Алыстан досторуң келиптир, кой союп меймандайсыңбы?* Бул жерде *мейман* сөзүнө *-ла* мүчөсү кошулуу аркылуу салттуу сый тамак берүү маанисинде колдонулган, *уяттуу адам, бөтөн киши* деген мааниде да колдонулат: *Меймандай болуп тартынбай, өз үйүндөгүдөй эле алып-жеп эркин олтурсаңчы!* Дагы башка боёкчодо: *Мейманчыл Асылбек конокторун дагы тай союп меймандап жатат.* -чыл мүчөсү кошулуп жасалуу аркылуу *кең пейил, берешен* деген мааниде колдонулат. Ал эми *кезме, кыдырмач* деген мааниде: *Алтынай мейманчыл дагы бирөөнүкүнө мейманчылап кеткен го?!*

Кыргыз тилинин сөздүктөрүнүн бардыгында берилген аныктамаларга ылайык, «мейман» сөзүнүн толук семантикалуу синоними болуп «конок» сөзү эсептелет. К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө

«конок» сөзүнүн бир канча мааниси белгиленген (3: 401): *1. Гость; кыз-конок погов. дочь-гость (родителей); конок конокту сүйбөйт, ээси баарын да сүйбөйт; милдеттүү конок; 2. Вечерняя пища, ужин; түнөгөнгө бээ союп, коногуна кой союп фольк.; 3. угощение; коногу жайсыз болду; 4. южн. этн. угощение, выделяемое натурой; 5. перен., чирей; конок конду – сел чирей (см. чыйкан); 6. Бельмо; көзүнө конок конду – на глазу у него появилось бельмо; конок жыгач – насест (напр. в курятнике); сөзгө конок бер – или кепке конок бер – предоставить слово, разрешить говорить; жазгы конгон коноктой, иттүү коноктой болуп, кудайы коноктой.*

Ж.Мукамбаевдин диалектологиялык сөздүгүндө Конок: 1. көмбө конок, өсүмдүктүн мөмөсү - жүгөрү, ак конок, белбол конок, кытай конок – жүгөрүнүн түрлөрү. 2. мөмөсүн терип ала турган өсүмдүктүн аты; коноктон терип келет (кээде «жер конок» деп да аталат); көммө конок – (көммө конокту эми жүгөрү деп калышты); конок аш – Тогуз - Торо, Баткен жерлеринде колдонулат, жүгөрүдөн жасалган жарма, коноктон жасалган көжө тамак; жаз алды менен конок аш жасап кирди. 3. Конокчөп – Ноокат районунда, боюнун узундугу 90 см келип, үч – төрт сабак алып, башына майда тоголок урук байлап, ушаласа үбөлөнүп кете турган өсүмдүктүн аты; конокчөптүн конок башы болот [5: 519].

Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» *мейман* сөзүнөн айырмалуу, *конок* сөзүнүн маанилери дифференцияланып, ажырымдалып берилген [4: 9]: 1. Жол жүрүп баратып, конуп кетүү үчүн токтогон жолоочу. 2. Коноктоо, сыйлоо үчүн атайы чакырылган мейман. 3. Келгендерди коноктоо, сыйлоо үчүн берилген оокат, сый.

Муну менен катар бул сөздүн омонимдеринин маанилери да мисалдар аркылуу тастыкталган: 2. 1) таруу сыяктуу майда дандуу кара эгин; 2) диал. Жүгөрү. 3. Көздүн сезгенишинин натыйжасында каректи басып калган кичинекей ак чел.

Белгилеп кетүүчү нерсе, *конок* сөзүнөн жасалган сөздөр *мейман* сөзүнөн жасалган сөздөргө караганда алда канча аз: *коноктоо, коноктош, конокжай, конокчул.* Кыргыз элинин менталитетин аныктоочу сөздөргө: *меймандос, мейманчыл,* ж.б. салыштырмалуу *конокчу/конокчул* сөзү сейрек колдонулат. Мунун себебин так айтуу кыйын. Бул жагдай түнөбөй мейманга келип кеткен адамдардын конуп, түнөп конок болгон адамдарга караганда басымдуураак болушу менен да шартталышы мүмкүн.

Жогоруда берилген сөздүк аныктамалары жана сөз маанисинин ажырымдалышы *мейман/ конок* сөздөрүнүн семантикалык структурасын түзө алат. Муну менен бирге аталган сөздөрдүн кепте колдонулуп, кызмат аткарышында ар кандай боёкчолор пайда болуп, же мурунку маанилер жаңы мазмундарга ээ боло башташы мүмкүн.

Кыргыз тилинде «конок» сөзү «мейман» сөзү менен маанилеш сөз (синоним) болуп гана калбастан, тескерисинче өз алдынча башка маанини бере турган да сөз болуп, колдонулуш кырдаалына карай ар түрдүү маани-маңызды чагылдырып берет. Тигил же бул концепттин актуалдашып жана вербалдашып, өз алдынча «формалдык кабыкка» - сөзгө ээ болушу россиялык окумуштуулар - З.Д.Попова менен И.А.Стернин баса белгилеген коммуникативдик баалуулукка байланыштуу [2: 78]. Демек, концепттердин, алардын маанилеринин пайда болушу жана алардын элге таркалып белгилүү болушу – элдин ошол концепттерди колдонууга муктаж болушуна, ал тууралуу сөз кылышына көз каранды. Эки лексеманын жалпы жана негизги мааниси катары – *чакырылып, же чакырылбастан кокусунан келип, ызат–сый көрүп кете турган адам* деген семаны бөлүп көрсөтүүгө болот. Эгерде *мейман* сөзү иран тилинен алынган болсо, *конок* сөзү кон- этишинен жаралган нукура кыргыз сөзү деп айтууга толук негиз бар деген ойдобуз.

Конок – койдон жоош деген айтым келген мейманды тамак-аштан алып жеп-ичип отурууга кыстоодо, жана ошондой эле конокко барганда өзүн талапка ылайык алып жүрүүнү үйрөтүүдө колдонулат. *Конок келбеген үй кандай жаман – аңырап турат (аңыроо - бозоруу, күлазуу). Конок* уңгу сөзүнө -ла мүчөсүн кошуу аркылуу жасалган *коноктоо* сөзү - *орноо, жугуу, насип этүү, түбөлүк калуу* деген маанини берет. Карыялар батасында: Башыңа бак коноктосун! - деген айтымды колдонушканы кездешет. Кыргыздын жөнөкөйлүгү менен кең пейилдиги бөтөн адам болсо да, алдын ала даярдыксыз, күтүлбөгөн жерден да барып конок болууга болорун шарттаган: *Конок – болжоосуз, өлүм – сураксыз* деген сыяктуу макал-лакаптардан көрүнөт. Мындан тышкары конок тосууга байланышкан терс маанидеги да айтымдарды, макал-лакаптарды кезиктирүүгө болот. Алардын негизги мааниси өз баркы-жолун, макамын билбеген конок, же үй ээси, конокту тоскондо салтты билбей, бузуп алып, уятка калуу коркунучу, ж.б. менен байланышкан. Мисалы, *«Конокту аткар, балаадан куткар»* деген айтымда, конок тосуудагы чоң жоопкерчиликтин бүткөнүнө болгон сүйүнүч чагылдырылат (мындагы аткар - атка мингизип узатуу маанисинде). «*Коноктун бир конгону кут, эки конгону жут»*, же болбосо – *«Биринчи күнү – жат конок, экинчи күнү – кут конок, үчүнчү күнү – жут конок»* сыяктуу айтымдарда үй ээсинин жакшы мамилесинен пайдаланып, өзүн туура эмес алып жүргөн, ыксыз көп конгон конокту жактырбоо маанисинде айтылат. Ал эми үй ээсин сыйлабай, аша чапкан конокту тыя албаган үй ээсин сындаган маанидеги – *«Жамандын коногу бийлейт/ билет»* деген сыяктуу айтымдар да тил корунан орун алып келет. *«Коноктун жакшысы – эрте келип, эрте кетет», «коногум, үйүңдү ойлой отур», «үйгө киргенди жакшы билсең, чыкканды да жакшы бил»* - деген сыяктуу макал, айтымдар кыргыздарды конок тосконго гана эмес, конок болгонго да үйрөтүүчү тарбиялык мааниге ээ деген жыйынтыкка келүүгө болот. Ал эми кыргыздар үйүнө келген конокту кандай тосуп алуу тууралуу өтө көп макал, айтымдарды муундан муунга эреже катары мыйзам сындуу кылып өткөрүп берип, алардын аткарылышына да көз салышкан. Мисалы, *«коногун жактырбаган үй шыпырат».* Бул сыяктуу айтымдар конок үйдөн кетмейинче башка иштерге алаксуу, башка нерсе менен алектенүү урматсыздык, сыйлабастык, көргөнсүздүк катары сындалып, жаш муундарды тарбиялоого колдонулуу менен конокту жактырбаган үй кожейкесинин кылыгына сын катары айтылчу. Ошондуктан, жалпы кыргыз элинде жаныңкандай кыйналып турса да конокту жарык жүз, көтөрүңкү маанай менен кабыл алуу - эң катуу талаптардын катарына кирет: *түнөрүп берген бал суусун - ууга*

барабар. Ал эми конокту татыктуу тосуп алуу эрежелери менен байланышкан айтымдарга: *коноктун атын ал* (келген конокту алдынан тосуп чыгып, аттан түшүрүп, атын *мамыга байлоо), коноктун ал-жайын сура* (дасторконго отургандан соң гана), *куттуу үйдөн кур чыгарба* (сый көрсөтүү иретинде коноктоп, мейманчылап келген кишиге буюм, кийим ыроолоп тартуулоо), *конокту аттандыр* (конок кетип жатканда узатып чыгып, аттын ээр токумун токумдап, атка мингизип узатып чыгуу), ж.б. сыяктуу кырдаалга жараша репрезентацияланган бирдиктерди киргизүүгө болот. Конокко болгон сый жалаң коноктун өзүнө гана эмес, аны менен келген адам, жандыктардын баарына тиешелүү болуп саналат. Мисалы: *ээсин сыйласаң – атына чөп сал* (вариант: *ээсин сыйласаң – итине сөөк сал).*

Кытайлык кыргыздардын тилинде *конок* сөзүнө –ла мүчөсү жалгануу менен жасалган *коноктоо* сөзү *убактылуу аялдоо, убактылуу эс алуу, убактылуу байырлоо* маанилерин чагылдырат: *Булбул куш алма даректын бутагында коноктоп отуру*. Же болбосо: *Талга коноктогон куштай шашкалактабай, дагы бир канча күн конуп кеткиле.*

«Мейман» менен «конок» сөздөрүнүн айырмасы алардын маанилеш сөздөр (синонимдер) болгонуна карабастан, колдонуудагы боёкчолордун таасиринен такыр өзгөчө мааниге ээ болорунан байкалат. Мисалы, *мейман* сөзү чакырылганда келип ызат-сый көрүп, салттуу дасторкондон даам татып кете турган, бирок такыр конбогон адамга карата айтылат, ал эми *конок* сөзү болсо ызат-сый көрүп, салттуу дасторкондон даам татып, анан ошол жерден кетпей, түнөп кала турган адамга карата колдонула турган сөз болуп табылат. Ошондуктан, күндөлүк турмушта көптөгөн адамдар бул экөөнүн айырмасына маани бербестен, экөөн бирдей мааниде параллелдүү колдонушат. Бул анализге алынган синоним эки сөз сыяктуу жалпы мазмундары окшош, бирок колдонууда кызматтары менен боёкчолору айырмаланган сөздөрдү тактап, маанилерин туруктандыруу аркылуу окуу куралдарыбызга киргизүү – эне тилибизди байытуу боюнча бүгүнкү күндүн кечиктирилгис талабы болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, улуттук-этникалык маданиятта кыргыздардын *мейман/конок* концепти менен тыгыз байланышкан көптөгөн сөздөр актуалдашып, замандын таасири менен алардын маанилик структурасы өзгөрүп, трансформацияланып келет. Алардын узак убакытка жашашы, же колдонуудан чыгып калышы, өзгөрүшү – ошол тилде сүйлөгөн элдин коммуникативдик муктаждык-керектөөсү менен тыгыз байланышкан. «Мейман» менен «конок» концептинин улуттук-маданий спецификасынын репрезентацияланып, ишке ашуусу улуттук менталитет менен улуттук мүнөздүн өзгөчөлүктөрү аркылуу шартталган. Жогоруда белгиленгендердин негизинде, *мейман, конок* сөздөрү бул сөздөрдүн алкактарында орун алган концептуалдык билимдерди ачуучу жол катары кызмат кылуу менен, кыргыз элинин «мейман» жана «конок» концепттерине тиешелүү этномаданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырууга көмөк көрсөтөт деп айта алабыз.

Адабияттар

1. Камбаралиева У.Д. Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира (на материале русского и кыргызского языков). Монография. – Б., 2018. – 392 с.

2. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. – М.: АСТ: Восток-Запад, 2007. – 314 с.

3. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. В двух книгах. – М.: Советская Энциклопедия. - 1965.

4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк. – Б.: Аврасия пресс, 2015. – 800 б.

5. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. – Б., 2000. – 660 с.